**Бюджетөө жөнүндө мыйзамы боюнча коомдук угуулар мэрия тарабынан жыл сайын жана үзгүлтүксүз өткөрүлүп турушу керек. Жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары (ЖӨӨБО) буга окшогон иш чараларды өткөрүп турушпаса эмне кылуу керек?**

ЖӨӨБОна кайрылып, алардан иш чараларды өткөрүүнүн күндөрү жана тартиби жөнүндө жазуу жүзүндө түшүндүрмө алуу керек. ЖӨӨБО тарабынан мындай иш чаралар өткөрүлбөсө бул маселени сот аркылуу чечүүгө болот.

**Эгерде, мен шаардын карапайым тургуну, тигил же бул маселени чечүүгө каралган чыгымдар боюнча маалымат алгым келсе кимге кайрылышым керек? Мисалы: көчөнү жарык кылуу, же жолго суу себүү сыяктуу.**

Бул боюнча аймактык кеңештердин, шаардык Кеңештин, мэриянын жана шаардык финансы бөлүмүнүн өкүлдөрүнө жана тийиштүү мекемелерге кайрыла аласыздар.

**Мен өзүм жеке финансылык колдоо сурап кайрыла аламбы жана кимге кайрылышым керек?**

Мэрияга жана шаардык Кеңешке жазуу жүзүндө кайрылсаңыз болот.

**Түшкөн арыздарды кароо жагы канчалык деңгээлде ачык-айкын жүргүзүлөт?**

Бардык арыздар шаардык Кеңештин туруктуу комиссияларында каралат, ага ар бир каалоочу катыша алат.

**Калк чыгашанын кайсыл беренелерине өзүнүн сунушун киргизе алат?**

Кээ бир корголгон беренелерди (айлык акыны төлөө, соцфонд, жеңилдиктер, тамактануу ж.б.) өзгөртүүгө мүмкүн эмес. Калган беренелерге негиздүү болсо сунуш киргизсе болот. Бирок чечимди жергиликтүү кеңеш кабыл алат, Сиз сунуштап, негиздеп жана өзүңүздүн депутаттарыңыз аркылуу сунуш киргизе аласыз.

2008-жылы ОРБ «Интербилим» бюджет тармагында ачык-айкындуулук механизмдерин жакшыртуу максатында «Бюджеттик өз ара жаңы мамилелерге карай жолдо» долбоорун жүзөгө ашыра баштады. Долбоор Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюмунун Ош шаарындагы өкүлчүлүгү тарабынан колдоого алынган. Дээрлик бардык белгиленген милдеттер коомдук саясаттын форматтык жолдору аркылуу ишке ашырылды.

* Ар тараптардын өкүлдөрү менен биргеликте калктын жергиликтүү бюджетке жеткилең болуу маселесин талкуулоо өткөрүлдү.

* Жергиликтүү кеңештин депутаттары менен өткөрүлгөн жолугушууда Финансы министрлигинин кызматкери жергиликтүү бюджетти натыйжалуу пайдалануу боюнча башка региондордун тажрыйбалары жөнүндө айтып берди.

Кайрадан түзүлгөн БДТ (бюджеттик демилгелүү топ) 2009-жылдын бюджетинин приоритеттик чыгашаларын аныктоо максатында 10 аймактык кеңештерде бюджеттик угууларды өткөрдү. Талкуу мезгилинде коммуналдык тейлөө тармагынын өкүлдөрү менен биргеликте жергиликтүү кеңешке жана мэрияга сунуштар иштелип чыгылат.

* БДТнын мүчөлөрү 2008-жылдын бюджетинин бир беренеси боюнча мониторинг өткөрүүгө жетишишти. Бул ичүүчү суу боюнча чыгымдар эле.


* Өткөрүлгөн бюджеттик коомдук угуулар калкка бюджеттин пайдаланылышы боюнча отчет алууга жана Ош шаарынын бюджеттик процессине тийиштүү пикирлерин билдирүүгө мүмкүндүк берди.

* Долбоордук ишмердүүлүктүн жыйынтыктары жана түшкөн сунуштар форумда талкууланды.

**Бюджеттөө маселелери боюнча кимге кайрылса болот?**

**Бюджеттөө процессине тартылуучу төмөнкү субъекттердин баардыгына:**

1. Жергиликтүү кеңеш, депутаттар бюджетти бекитишет, жергиликтүү калктын бюджеттеги кызыкчылыгын коргошот, анын аткарылышын көзөмөлгө алышат.
2. Мэрия бюджеттин аткарылышына жоопкерчилик тартат. Шаардык бюджеттин ишке ашырылышы үчүн жоопкердүү
3. Шаардык финансы бөлүм бюджетти иштеп чыгат, бюджетке анализ жүргүзөт жана бюджеттен акча каражатын берүү боюнча тийиштүү документтерди даярдайт.
4. Жергиликтүү бейөкмөт уюмдар атуулдарды бюджеттөө процессине тартуу жана активдештирүү, консультативдик кызматтар. (ОРЦ «Интербилим», КФ «Луч Лотоса», «Центр Эдвокаси», КФ «Инсан Диамонд»).
5. Урбан Институту жергиликтүү бюджеттөөгө калктын катышуусу боюнча окутуучу материалдар менен камсыз кылуу
6. Аймактык кеңештер элди бюджеттик процесстерге катышууга мобилизациялоо, атуулдарды жергиликтүү бюджеттөө маселелери боюнча үзгүлтүксүз маалымдоо.



Мына ушундай! Эгерде Сиз өзүңүздүн бюджеттик укугуңуз жөнүндө толук билгиңиз келсе, же Сизде бюджеттин ачык-айкындуулугун жана отчеттуулугун жакшыртуу боюнча демилге жаралса анда эч тартынбай эле бизге төмөнкү электрондук дарек interbilim@mail.ru боюнча жазсаңыз болот, же төмөнкү телефондорго чалыңыз: 2-15-34, 2-29-52

OSCE Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму

"Интербилим" борбору ресурстук борбору



# Ош шаарынын бюджеттик каражаты эмнелерге сарпталат?

(2008–2009 жж)

**Жергиликтүү бюджеттин каражаты кайсыл максаттарга жумшаларын билүүгө карапайым калктын укугу барбы?**


Ар бир атуул ал төлөгөн салык кандай пайдаланылаарын билүүгө укуктуу. Бул суроо качан салык төлөөчүздү убагында төлөп, бирок турмуштук маанилүү маселелер чечилбей жатканда келип чыгат.

**Ош шаарынын 2008-жылдагы бюджетинин чыгаша бөлүгүн эмне түзөөрүн карап көрөлү**

**Ош шаарынын бюджети 2008 ж. (бюджеттиги каражаттын толук саны: 417 млн.159,5 миң сом)**




**Ош шаарынын бюджети 2009 ж. Долбоор (бюджеттиги каражаттын толук саны: 488 млн.262 миң сом )**




**«Экономикалык маселелер» бөлүмүнүн акчалай суммасы эмнени билдирет?**

Бул жергиликтүү экономикалык өнүгүүнү стимулдаштырууга жумшала турган чыгымдар. «Экономикалык маселелер» бөлүмүнө айыл чарбасы, токой чарбасы, транспорт, кайра иштетүүчү өнөр жайы, байланыш тармактары кирет.

**Эс алуу, маданият жана дин бөлүгүнө каралган акча майрамдаш үчүн бөлүнөбү?**

Бул чыгымдар майрамдарды өткөрүүгө жана маданий мекемелерди кармоо керектелген чыгымды жабууга жумшалат. Башкача айтканда китепканаларды, маданий үйлөрдү, телерадиоберүү компанияларын, гезиттердин редакцияларын каржылоого, ошондой эле спорттук, ден - соолукту чыңдоо жана маданий иш-чараларды өткөрүүгө каралат.

**Чыгымдардын диаграммасында белгиленгендей мамлекеттик кызматчыларды кармоого кеткен каражат чоң бөлүктү (13%) түзөт. Бул чыгымды кыскартууга болбойбу?**

Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинде мамлекеттик кызматчыларды кармоого бар болгону 7%, же 28585,6 миң сом каралат. Бул бөлүккө кирген калган 5 пайыз кредиттерди жана заемдорду төлөөгө каралган чыгымдар, ошондой эле мэрдин резервдик фонду (4 млн. сом) кирет. Ошондой эле штаттык расписаниени, чегерүүнүн нормаларын ж.б. эске алыш керек.

**«Резервдик фондду» ким тескейт? Бул акчаны кимге берүү, кимге бербеш керектигин бир гана мэр чечет дешет, ошондойбу?**

Резервдик фонд (РФ) жергиликтүү бюджетте алдын ала каралбаган экономикалык, социалдык-маданий жана башка багыттагы иш чараларга жумшалуучу чыгымды жабуу үчүн «Кыргыз Республикасынын бюджеттик укугунун негизги принциптери жөнүндө» мыйзамына ылайык түзүлөт.

**А эмне үчүн 4 млн. сом, андан аз да, көп да эмес?**

КРнын Мыйзамдуулугуна ылайык бюджетти бекитүүдө «Резервдик фонд» чыгашанын көлөмүнүн 1% чегинде каралган. Бюджеттин жалпы суммасынын 1% бул ошол 4 миллиондун тегерегиндеги сумма болуп эсептелет.

**А биз, жөнөкөй атуулдар, бюджеттин эсебинен өзүбүздүн маселелерибизди чече алабызбы?**

Албетте. Мыйзам тарабынан бул каралган. Бизде атуулдар бюджеттик укуктарын пайдалана билишпейт. Ошондуктан, азыр карапайым атуулдар кайсыл учурларда бюджеттөө процессине кийлигише алышары жөнүндө этап менен айтып берейли

**Атуулдар бюджеттөөнүн кайсыл процесстерине таасир этише, же кийлигише алышат?**

Бул жерде бюджеттик календарды эске алыш керек. Финансы министрлиги 30-майга чейин ЖӨӨБОларга бюджетти түзүүнүн инструкциясын, жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүнүн болжолдонгон нормативдерин жана жергиликтүү бюджеттерге бөлүштүрүлгөн категориалдык жана толуктоочу гранттардын болжолдуу өлчөмдөрүн жеткирүү керек.

**Жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн долбоору Финансы Министрилигине 1-августка чейин тапшырылышы керек.**

Жергиликтүү атуулдар жана алардын бирикмелери бюджеттин чыгаша бөлүмүн түзүүгө катышуу үчүн 1-августка чейин төмөнкү процедураларга катышыша алышат.

1-кадам: жергиликтүү тургундар өздөрүндө приоритизация боюнча иштерди жүргүзүшөт.

2-кадам: Бюджеттик угууларда элдин кызыкчылыгы жергиликтүү кеңештин алдына коюлат.

3-кадам: Алардын кызыкчылыгы жергиликтүү бюджетке киргизилгенин өздөрүнүн депутаттары аркылуу көзөмөлгө алышат.

4-кадам: Жергиликтүү кеңештин депутаттары элдин суроо-талабына жазуу жүзүндө жооп беришет: эмне үчүн киргизилген эмес жана ал мындан ары кандайча каралат?

**Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн долбоору Финансы Министрилигине 1-июлга чейин тапшырылышы керек.**

Атуулдар киреше бөлүмдү түзүүгө катышуу үчүн төмөнкү процедуралардан өтүшө алышат:

1. Салык чегеримдерин чогултуу боюнча мониторинг жүргүзүүчү демилгелүү топторду түзүү
2. Кайра бөлүштүрүү Фондунун жерлерин пайдалануу боюнча комиссиянын ишине катышуу.
3. Жергиликтүү бюджеттин пайдаланылышы боюнча мониторинг жүргүзүү

**Финансыны башкарууда ЖӨӨБОнын (жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары) ачык-айкындуулугун кантип камсыз кылса болот?**

Ал үчүн жарандар төмөнкү кыймылдарды аткара алышат:

-Коомдук угуулардын өткөрүлүшүндө активдүү катышуу
- Бюджеттөө жана анын аткарылышына мониторинг жүргүзүү процессине катышуу үчүн курамына коомчулук тартылган жумушчу топту түзүү
- Жергиликтүү кеңештердин бюджеттөө маселеси боюнча кеңешмелерине коомчулуктун катышуусу
- Калктын арасында бюджет боюнча маалыматтарды массалык маалымат каражаттары аркылуу таркатуу